МАНАСЧЫЛАР

Манасчы – адабияттык термин маанисине ээ болгон сөз. Терминдин маңызы – кесипчиликтин өзүнчө бир түр-рүн түшүндүрүп, кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосун жараткан, укумдан-тукумга өткөрүп, биздин учурубузга чейин алып келген, аны бүгүнкү көлөмгө, көркөмдүк деңгээлге жеткирген элдик таланттарга карата колдонулат. Манасчылык кесип мазмуну, формасы жактан фольклортаануудагы сейрек көрүнүш.

«Манас» жөнүндөгү илимдин өзү салыштырмалуу алып караганда жаңы башталган жаш илим. Ал эми ма-насчылардын чыгармачылыгы боюнча илимдеги маалыматтар андан да жаш.

Манасчылар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар эпостун текстин кагаз бетине биринчилерден болуп түшүргөн окумуштууларга таандык. Мисалы, «Манасты» айт-кан адамды илимде биринчи болуп Ч. Валиханов эскерет. Ал 1856-жылдын 26-майында «Манасты» билген кыргыз ырчысына жолукканын жазат [1]. Ч. Валиханов өзүнүн «Жунгария очерктери» аттуу белгилүү эмгегинде ага «Көө-көтөйдүн ашын» айтып берип жаздырган адамды «кыргыз рапсоду» [2] – деп атайт. Ч. Валиханов берген маалымат-тарга таянып, ошол кездеги манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүгү жөнүндөгү так маалымат алуу кыйын. Эгер окумуштуу калтырган маалыматтарды мазмун, форма жактан кандай болсо ошол түрүндө толук маанисинде кабыл алып, жыйынтыкка келсек муну көрөбүз: Ч. Валиханов кыргыз жергесине келген учурда «Манас» айткан адам «ырчы» – деп аталган, ал жеке эле эпос айтуу менен гана чектелбестен, өзүнчө өз чыгармаларын да жараткан. Окумуштуу күндөлүгүнө кыргыз ырчысына жолуктум, ал «Манасты» билет деп жазганына караганда, Ч. Валиха-новдун информаторунун негизги жана башкы кесиби эпос айтуу эмес, ырчылык, эпостун айрым үзүндүлөрүн аткарууга гана жарайт. Аны изилдөөчү «кыргыз рапсоду» деп атоосу да ушул жоромолду ырастайт.

Манасчылар жөнүндөгү кененирээк маалыматтарды В.В.Радловдон жолуктурабыз. Бирок, ал манасчылар ме-нен кадимки ырчылардын арасына чек койбойт, экөө бир эле ат менен «ырчы» деп аталат [3]. Анын үстүнө академик В.В.Радловдун эпосту айтып берген адамдардын чыгармачылык өзгөчөлүгү жөнүндөгү айткан маалыматтары бүгүнкү бизге белгилүү манасчылардын чыгармачылыгына караганда, ырчыларга таандык белгилерге көбүрөөк жакын.

Манасчылардын өмүр баяны жөнүндөгү маалыматтар-ды чогултуу, чыгармачылык өзгөчөлүктөрү боюнча атайын

изилдөөлөр жүргүзүү иштери Октябрь революциясынан кийин гана колго алынды. Бул маселелерге арналган биринчи атайын эмгек кыргыздын белгилүү окумуштуусу К.Рахматуллиндин «Манасчылар» (1942) аттуу чакан ки-теби. Анда окумуштуунун манасчылык өнөрдүн мүнөзү, атайын белгилери жөнүндөгү теориялык корутундулары, айрым илимий жоромолдорунан башка да, «Манас» жө-нүндөгү илим, айрыкча анын айтуучуларынын чыгарма-чылыгын талдоодо эбегейсиз зор мааниге ээ боло турган фактылык материалдар топтолгон. К. Рахматуллиндин ушул эмгегинин эпоско таандык башка проблемалар да камтылып, козголгон маселелери алда канча кеңейтил-ген үлгүсү илимпоздун көзү өткөндөн кийин 1968-жылы жарык көрдү [4]. Манасчылар, алардын чыгармачылыгы-на мүнөздүү белгилер жөнүндөгү илимий пикирлерин М. Ауэзов [5], В. М. Жирмунскийлер [6] да өзүлөрүнүн эпоско арналган эмгектеринде айтышкан. Жогоруда эскертилген советтик учурдагы көрүнүктүү үч окумуштуунун эмгекте-риндеги бул маселеге байланыштуу болгон мүнөздүү белги – «Манасты» жараткан, айтып, эл арасында сактап келген өзүнчө топ өнөр ээлеринин бар экендигин айкындап, манасчыларды ырчылардан бөлүп карагандыгы.

Фольклор жөнүндөгү илимдин бүгүнкү түшүнүгү боюнча манасчы – «Манас» эпосун аткаруучулар-айтуучулар. Бул наам, адатта, эпостун негизги үч бөлүгүн айтуучу адамдарга карата колдонулат. Кээде манасчы – эпостун үч болүгүн толук айткан, же биринчи бөлүмдү – «Манастын» өзүн аткарган адамга гана ыйгарылып, экинчи бөлүмдү аткаруучуларды «семетейчилер» – деп да аташат. Буга ка-раганда «манасчы» термини жиктелип, такталып калган түшүнүк экендигин байкоого болот.

«Манасчы» өзү кыргыздар арасында кийин пайда бол-гон жаңы термин болуу менен өткөн кылымдарда бул тер-миндин колдонулганы белгисиз. Эл арасында оозеки сак-талган маалыматтар боюнча Октябрь революциясына че-йин көркөм сөз чеберлерине карата «ырчы», «жомокчу», кээде «акын» делген терминдер колдонулган экен. Азыр биз манасчы деген ат менен атаган адамдар жомокчулар-дын катарына киришкен. Муну эл арасында бизге жеткен оозеки маалыматтардан көрүүгө мүмкүн. Мындан башка кээде эпостун тексттинде жолуккан манасчылардын чы-гарманы айтуучу аткаруучуларга карата аларды «жомок-чу» – деген ат менен атоосу да ушул эле жогорку маалы-матты бышыктап турат:

Жомокчулар койбосо,
Уйкаштырып ырды айтып...

Келиштирип койбосо,
Жомокчулар калп айтып... [7].

Ошентип, манасчылык өнөр өзүнчө кесип катары кыр-гыздарда өткөн кылымда эле белгилүү болгон жана чыгармачылык мүнөзү жактан манасчылар өзүнө башкалардан жакын турган топ ырчылардан айырмаланышкан. Буга алардын атайын термин менен «жомокчулар» деп аталы-шынан башка да, чыгармачылыгынын мүнөзүнө байла-нышкан бир катар орчундуу өзгөчөлүктөр күбө.

Манасчылардын чыгармачылыгына таандык өзгөчө-лүктөрдүн эң башкыларынын бири – алар негизинен «Манас» эпосун гана аткарышат. Көркөмдүк шыгы бар өнөр ээси катарындагы алардын турмуштагы кесиби – манас-чылык.

Түпкү мазмуну, касиети жактан бири-бирине жакын турганы менен акын-ырчы жана манасчы бир эмес, ар бири өзүнчө касиет. Аларды жакындаштырып турган белги – экөөнүн тең чыгармачыл жөндөмгө, болгондо да ыр түрүндөгү чыгармалар жаратуу жөндөмүнө ээ экендиги. Бирок, ошол жөндөмдүн да негизги мүнөзү экөөндө такыр дээрлик эки башка: негизинен лирикалык жанрга жата турган майда ырлар жаратуучу акынырчылардан айыр-маланып, манасчылар зор масштабдуу, көптөгөн окуялар-ды ичине камтыган, ондогон каармандар катышып, татаал сюжеттик өнүгүшкө ээ болгон чоң көлөмдүү эпикалык чы-гарманы түзүү, өнүктүрүү, сактоо жөндөмүнө ээ. Демек, булардын чыгармачылыгындагы өзгөчө белги – масштаб-дуулук, эпиктик. Бул формалык белги эмес, сапаттык ка-сиет. Мындан башка да өнөргө ээ болуу процессинде ар бир талапкер башынан өткөрө турган сапаттык белгиге таасирин тийгизип, кошумча боло турган формалык көрүнүштөр да бар. Алардын негизгилери катары буларды көргөзүүгө болот: манасчы жаңы чыгарма жаратууга милдеттүү эмес, тескерисинче, даяр сюжеттин үстүндө иштеп, ошол мурдатан келе жаткан салттык материалды бузбай, так сактоого тийиш. Ал гана турсун анын өнөр ээси катарындагы кадыр-баркы, талантынын күчү ошол салттык белгилерди канчалык деңгээлде терең өздөштүрүп, ыгы менен, өз ордунда так бере алгандыгына жараша бааланат. Анын талантынын күчү эң алды менен эпостун салттык көрүнүштөрүн терең өздөштүрүүгө багытталат. Ал өзүнөн мурдагылар иштеп чыккандарды канчалык көп билсе, ыгы менен өз ордунда пайдалана алса жана өз табылгалары менен байытып, өнүктүрсө гана ийгиликке ээ боло алат. Мына ушундан манасчылык өнөрдүн экинчи бир чоң белгиси – башкалардан үйрөнүү, таалим алуу зарылчылыгы келип чыгат. Устаттан таалим алуу, кесиптин ички сырын өздөштүрүү түпкү тегинде жеке эле манасчыларга гана эмес, акын-ырчылардын чыгармачылыгына да мүнөздүү белги. Бирок, бул эки көрүнүштү бир деп түшүнүүгө болбойт. Негизинен,

ыр түзүүнүн ыкмасын, тема тандоонун ыгын өздөштүрүшкөн ырчылардан айырмаланып, болочок манасчы өз устатынан эң алды менен эпостун мазмунун, окуяларынын орун алуу жолун, курулуш ыгын үйрөнөт. Демек, ушул процесстин өзүнөн эле манасчылык өнөрдөгү эпиктик мүнөздүн өзгөчө ролун даана байкоого мүмкүн.

Манасчылык кесиптеги чечүүчү мааниге ээ көрүнүш-төрдөн болгон эпостун мурдатан келе жаткан салттык өзөк окуяларын, алардын өнүгүш жолун, атайын көркөм ык, каражаттарды терең үйрөнүп, мыкты өздөштүрүү иши ошол үйрөнгөндөрдү кеңири пайдалануу зарылчылыгы ме-нен шартташкан. Ушунун натыйжасында ар бир өнөр ээси катары таанылган манасчынын чыгармачылыгы эки ком-поненттен – салттык көрүнүштөрдөн жана анын өз жеке табылгаларынан турат. Бирок, аларды биринен экинчисин бөлүп, же арасына чек коюп кароого болбойт. Анткени, алар ажырагыс бирдикте жашайт. Адатта эпостун салттык көрүнүшкө жата турган белгилери да эң алды менен чыгар-мачыл инсан тарабынан кабыл алынып, иштелип чыгып, анын чыгармачыл шыгына, жөндөмүнө ылайыкташат да, ошондон кийин гана анын жеке табылгалары менен жуу-рулушкан түрдө ага таандык мүнөздө баяндалат. Мунун ачык далилин эпостун баарына бирдей таандык салттык туруктуу өзөк окуяларын ар бир манасчы өз сөзү менен окуяларды өзүнчө ырга айлантып бергендигинен даана көрүүгө болот. Ушул түрдөгү бир эле окуяны ар ким өз сөзү, өз көрүүсү менен берүүнүн натыйжасында гана түрдүү варианттар – бир мазмундагы, бир эле темага арналып, бир идеяны баяндаган, бирок өз ара даана көрүнүп турган айырмачылыктарга ээ болгон чыгармалар жаралат. Жал-пы эле кесиптин ички мүнөзүнө, мурдатан келе жаткан салттык эрежелеринин талабына ылайык, ар бир манасчы салттык белгилерди, көрүнүштөрдү колдон келишинче то-лук сактоого милдеттүү болуу, манасчынын кадыр-баркы ошол талапты канчалык деңгээлде так аткаргандыгына, талантынын күчү анын мурдатадан иштелип чыккандар-ды канчалык көп, терең өздөштүргөндүгүнө жана орду ме-нен колдоно алгандыгына жараша баалангандыгын эске алсак, манасчылыктагы салттуулуктун ойногон ролу өзү-нөн өзү даана көрүнүп турат.

Манасчылык кесипте үйрөнүүнүн, таалим алуунун зор мааниге ээ экендигине карабастан, адатта, манасчылар өнөргө ээ болууда башкалардан үйрөнгөндөрүн эскериш-пейт, эпосту айтып калууну арбак колдоп, касиеттүү күч даруунун натыйжасы деп түшүндүрүшөт. Болочок өнөр ээсин «тандап алуунун» белгиси катары басымдуу көпчү-лүк учурда түшкө кирүү жышааны көрсөтүлөт. Атагы эл арасында кеңири белгилүү болгон чоң манасчылардан тартып, чыгармачыл чөйрөсү бир айылдын чегинен

ашпаган адамдарга чейинки өнөрпоздордун арасынан биз билгендердин дээрлик бардыгы эпосту түш көргөндөн кийин гана айттык дешет. Кээде бир эле адам бир нече жолу түш көргөнүн, ал гана турмак айрымдар чыгарманын негизги оң каармандарын өңүндө эле жолуктурганын да эскеришет. Демек, манасчылардын санына жараша алардын көргөн түштөрү да арбын. Бирок, көңүлгө алып коё турган бир учур, ошол түрдүү чоң жана кичине манасчылар көргөн түштөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн мазмуну бир-бирине жакын, мүнөздөш. Адатта болочок манасчынын түшүнө Манас, же эпостогу белгилүү баатырлардын бири, кээде бир канчасы чогуу кирип, Манас баатырдын эрдик иште-рин унутпай айта жүрүүнү тапшырат. Колдо бар маалы-маттарга караганда, түш көргөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү «Манасты» билбешин айтып, тапшырманы аткаруудан баш тартат. Бирок, арбактар билесиң, айт! – деп, кыстайт жана алар мурда эпосту эч качан айтпаса да чынында эле өзүнөн өзү чыгарманы айта баштаган болушат.

Көпчүлүк түштөрдүн мазмуну бири-бирине эң жакын, ал эми мааниси жактан биз билген түштөрдүн дээрлик бардыгы бир гана максатты, түш көргөн адамдын ушул кесиптин ээси – манасчы болууга татыктуу экендигин бел-гилөөнү көздөйт. Башкалардан айырмаланып өзгөчө сапат– касиетке ээ болуу, өзгөчө кадыр-барктуу ишке татык-туу болуунун түпкү теги тээ байыртадан бери эле белги-лүү, негизи баёо адамдардын чектелген түшүнүктөрүнө, ишенимине байланышкан. Манасчылар ошол байыркы түшүнүктөрдүн калдык элестерин өз шартына ылайык арбак колдоо, дааруу катары баяндашат. Түш көрсө гана чыныгы манасчы болот – деген ишеним элдеги жана манасчылардын өзүлөрүнүн арасындагы мурдатадан келе жаткан салттык көрүнүш. Ушул ишеним салтка ылайык кээде айрым түш көрбөгөндөр деле өз баркын жогорула-туу максатында түш көрдүк – деп, коюшу да ыктымал. Бирок, бул жоромолго негизделип түш көргөнүн айткан манасчылардын бардыгынын сөзүнө шек келтирүүгө да негиз жок. Бери болгондо эле манасчылардын басымдуу көпчүлүгүнүн, айрыкча, ошол кесипке ээ болгон чыныгы манасчылардын түш көрүшү күдүктөнүүгө болбой турган факт. Мындай массалык көрүнүшкө ээ болгон белгини жалаң гана салттын таасири менен түшүндүрүү жетишсиз. Манасчылардын түш көрүү аркылуу гана кесипке ээ бо-лушуна алардын талант-шыгынын мүнөзүнө, ишени-нен пайда болгон психикасынын өзгөчөлүгүнө байланыш-кан ж.б., биз үчүн азырынча белгисиз түрдүү себептер-дин болушу толук ыктымал. Чыгармачылыгынын мүнөзү жактан манасчыларга жакын турушкан башка элдердин эпос айтуучуларында да өз өнөрүн түш көрүү менен бай-ланыштыруу салты кеңири жайылган көрүнүш. Мисалы, илимде белгилүү

маалыматтарга караганда, бул жактан кыргыздардын манасчыларына ойроттордун эпос айтуучулары (тульчилери) өзгөчө жакын турушат. Белгилүү оку-муштуу, академик Б. Я. Владимирцовдун «Монгол-ойрот эпосу» деген эмгегинде келтирилген маалыматтар боюнча ойрот айтуучуларында да түш көрүү өзгөчө кеңири жайылган белги, ал турмак алардын көргөн түштөрү менен манасчылардын түштөрүнүн, ишенимдеринин маз-мундук жакындыктары да көп: түштө эпос айтууну каалоосун, же каалабоосун суроо, билбейм, айта албаймын дегенине болбой күчтөө, мурда эпосту айтпай жүргөн адам түш көргөндөн тартып эле ага дароо шык пайда болуп, чыгарманы аткара баштоо ж.б. Түрдүү элдерде кезигүүчү бул мүнөздөгү көптөгөн фактылар жеке эле ошол элдердин тарыхый өсүш жолунун, жашоо шартынын жакындыгын, ушунун натыйжасындагы алардын түшүнүк, көзкараш ишенимдериндеги бирдейлик белги-лерди эле көрсөтпөстөн, эпос айтуучулардын кесиптик мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн да айгинелеп турат, б.а., ушул фактылардан кыргыздардын манасчылары, ойроттор-дун тульчилери ж.б. элдердин эпос айтуучулары жеке эле чыгармачылыгынын мүнөзү жактан гана эмес, табигый шыгынын ички касиети жактан да бир-бирине жа-кын турарын жана башка түрдөгү өнөр-кесип ээлеринен айырмаланарын даана көрүүгө мүмкүнОшентип, манасчылардын кесипке ээ болуу процессинде түш көрүүсү ыктымал, ал гана турмак түш көрүүнүн манасчы болууга өзүнүн оң таасирин тийгизиши да мүм-күн. Бирок, кеп көргөн түштүн чектен тыш күчүндө, ка-сиеттүүлүгүндө эмес, кесипке талапкердин ишениминде: түш көрсө гана манасчы болоруна чын пейли менен ишен-ген жана түш көрүүнү эңсеп жүргөн адамдын түш көр-гөндөн тартып өз күчүнө ишеними артып, сыртка чыга албай, буулугуп жаткан талант-шыктын ойгонушу, ошон-дон тартып эпосту айта башташы толук мүмкүн. Бул үчүн зарыл бир гана шарт керек, ал ошол талапкер адамдын ага чейин эле эпос, анын мазмуну менен жакшы тааныш болушу жана элге билгизбегени менен өз ичинде манасчы бо-лууну самап, аракеттенип жүрүшү. Ал эми бизге белгилүү болгон ар бир манасчынын өмүр баяндык маалыматтары алардын эпосту аткара баштоодон мурда аны менен аздыр-көптүр таанышып, эл арасына айтуучу катары белгилүү болгон адамдардан үлгү алып, үйрөнгөнүн таасын айгинелейт. Демек, бул фактыдан манасчылар түш көргөнгө чейин эле кесипке ээ болуунун негизи даярдалганын, ал эми түш көрүү анын тездеши, же күчөшү үчүн психологиялык маанидеги түрткү, себеп катарындагы гана милдетти аткарганын көрүүгө болот. Арбак даруу, түш көрүү ишенимдеринин манасчылардын чыгармачылыгында кесип ээлеринин атайын куралы, сырткы кысымдардан коргонуудагы калканчысы катарындагы мааниси да

чоң. Манасчылар эпостун мурдатадан келе жаткан салттык туруктуу өзөк окуяларын өзгөртпөй так сактоодо, же чыгармадагы эл-дик идеялардын бурмаланбоосун камсыз кылууда арбакты сыйлоо, алардын каарына калбоо үчүн айт дегенин бузбай так айтуу сыяктуу себептерди практикада кеңири колдо-нушкан. Мындай курал адатта, элдик эпосту бурмалоого, анын мазмунуна өз идеясын киргизүүгө аракеттенишкен тап өкүлдөрүнө каршы пайдаланылган.

«Манас» эпосунун эл арасындагы өзгөчө кадыр-баркы-нын натыйжасында, анын аткаруучулары болгон манасчылар да жогору бааланып, көп көңүл бурулган. Ушуга байланыштуу бул өнөргө дилгир талапкерлердин саны арбын болуп, кесиптин өзү терең деталдаштырылып, дыкаттык менен иштелип чыккан. Мунун ачык далилин эл арсында ушул өнөрдүн такталган классификациясынын бар экендигинен улам манасчылардын табигый жөндөмү-нө, чеберчилигинин деңгээлине, эл чыгармасына кошкон салымынын салмагына карата бири-биринен так белгилер менен ажыратылган топторго бөлүнүшүнөн да даана көрүүгө болот.

Эл арасындагы жалпы жонунан «манасчылар» деген наам менен аталуучу өнөр ээлери өз ич арасында негизинен төрт топко бөлүнөт: үйрөнчүк манасчы, чала манасчы, чыныгы манасчы, чоң манасчы – чоң жомокчу. Кесиптин мындай классификацияланышы эл арасында ка-чантадан бери колдонулуп келе жаткандыгын так айтуу кыйын. Неси болсо да азыркы кыргыз элинин арасында жалпы кабыл алынган түшүнүк боюнча манасчылык кесиптин классификациясындагы ар бир топ өзүнө таандык белгилерге, өзгөчөлүктөргө ээ, ар бир топтун өз орду бар. Аларга карап биринчиден, кесиптин атайын көрүнүштөрү, экинчиден өнөргө ээ болуунун түрдүү этаптары, баскычтары – манасчынын чыгармачылык калыптануусундагы басып өтүүчү негизги жолу менен тааныша алабыз.

Манасчылык кесиптин биринчи кадамы – үйрөнчүк учур. Бул баскычта өнөрдү үйрөнүүгө далалаттанып жүргөн өспүрүм өзүнөн мурдагы муундун өкүлү устат-манасчыдан кесиптин сырын үйрөнөт, эпостун окуялары менен кеңири таанышып, чыгарманын мазмунун өздөштүрөт. Ушул эле учурда үйрөнчүк манасчы өз устаты айткан ва-рианттын айрым эпизоддорун жаттап алып, аны өз атынан аткара башташы да мүмкүн.

Манасчылык кесиптин экинчи баскычы – чала манасчылык учур. Чала манасчылар «Манас» айтууну кесип кылгандардын ичинде өзүнчө топ. Бул топко эпостогу элге кеңири белгилүү болгон айрым эпизоддорду, же алардын үзүндүлөрүн өздөштүрүп, негизинен жаттап алып, анча-мынча кээ бир өз кошумчалары, же азыноолак өзгөртүүлөр менен аткарган адамдар киргизилет. Бирок,

«чала манасчы» терминининн эки мааниси бар. Термин биринчи маани-синде кесипти үйрөнүү процессин башынан өткөрүп жаткан жаштарга карата айтылганда, али такшалып жетиле
элек, өзүнчө варианты бар чыныгы манасчылык деңгээлден азырынча төмөн дегенге жакын маанини түшүндүрсө, экинчи маанисинде, үзүндүлөрдү жаттап айтуу менен гана чектелген, андан нары өсүүгө, өзүнчө вариант түзүүгө даремети жетпеген адамды билдирет. Эпосту жайылтуу, анын мыкты үлгүлөрүн эл арасына кеңири айтуу ишинде чала манасчылар тобунун эмгеги, мааниси зор. Анткени жалпы кесип ээлеринин ичинен саны жагынан абдан көп бул топ эл массасына башкаларга салыштырганда жакын турган жана өз өнөрү менен алда канча кеңири аудиторияны тейлеген. Алар аткарган материалдардын идеялык-көркөмдүк деңгээли да жаман болгон эмес, анткени, адат катары, чала манасчылар өзүлөрү эпоско орчундуу салым кошпогону менен эл алдында негизинен чоң-чоң манасчы-лардын вариантындагы көпчүлүккө жаккан, мыкты делген эпизоддорун, үзүндүлөрдү жаттап алып, ошолорду аткарышкан.

Чыныгы манасчылык деңгээл – кесиптин үчүнчү эта-бы. Бул топко эпостун өзүнчө вариантын түзгөн, б.а., чыгарманын өзөк окуяларын мыкты өздөштүргөн жана алар-ды ирээти менен баштан аяк бүт өз алдынча өз сөзү менен айтып берген манасчылар киришет. Манасчынын алган ордун, деңгээлин чала манасчылардан айырмалоо, кош-кон салымы орчундуу экендигин белгилөө зарылчылыгы туулуп калган учурларда «манасчы», «чыныгы манасчы» деген түшүнүк колдонулат. «Манас» эпосун сактап, укум-дан-тукумга өткөрүп, жаңы шарт-учурлардын талабына ылайыктап толуктап, өстүрүп-өнүктүрүп турууда чечүүчү роль ойноп, активдүү катышкандар ушул чыныгы манас-чылар. Ошон үчүн саны жактан чала манасчылардан азыраак болсо да аларды манасчылык өнөрдүн уюткусу, не-гизги тобу дейбиз.

Манасчылык өнөрдүн эң жогорку жеткен чеги – чоң манасчы, же чоң жомокчу болуу. Мындай наам эпос айтуучулардын чанда бирөөнө гана ыйгарылат. Зор таланттуу, эпостун өсүп-өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон, жогорку көркөмдүктөгү вариант жараткан, чыгарманын бардык окуяларын баштан-аяк ирээти менен толук жана кеңири планда айткан, өз өнөрүнүн күчү менен эл арасында өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон манасчылар гана «чоң манасчы» деген атайын урмат көрсөтүүнү билдирген наам аркылуу аталышат. Чоң манасчылар эл арасынан чанда чыгат. Бирок, «Манас» эпосунун пайда болуусунан баш-тап бүгүнкү биз билген үлгүсүнө чейинки өнүгүш жолунда болсун, ал гана турмак анын

түрдүү варианттарынын жа-ралышында да чоң манасчылардын ойногон ролу, тийгизген таасири бөтөнчө зор. Анткени, эпостун негизин түзгөн да жана анын өсүп-өнүгүшүнүн багытын белгилеген да чынында ушул чоң манасчылар, анын үстүнө алар түзгөн вариант, адат катары, көптөгөн манасчылар үчүн үлгүлүк мааниге ээ болуп кызмат кылат. Андай башкалар үчүн үл-гүлүк милдет аткарган вариантты жараткан чоң манасчыларды манасчылык кесиптин өзүнчө мектебин түзгөн адам деп түшүнөбүз.

Манасчылык кесиптеги атайын мектептер жөнүндөгү маселе «Манас» жөнүндөгү илимдин орчундуу проблема-ларынын биринен. Анткени, жеке эле манасчылык өнөр, анын өзгөчө белгилери гана эмес, эпостун варианттары, алардын мүнөзү, бири-биринен айырмасы ж.б. бир катар маанилүү маселелердин көбү ушул проблемага тыгыз байланыштуу чечилет.

Манасчылык өнөрдүн өзүнчө мектептери бар экенди-ги илимде жалпы кабыл алынган талашсыз факт. Бул көрүнүштү изилдөөчүлөр арасында биринчилерден болуп байкаган жана ага алгачкы мүнөздөмөсүн берип, атайын наам менен атаган адам казак академиги М. О. Ауэзов. Ал манасчылык кесип-өнөрдүн бир нече мектеби болушу мүм-күндүгүн жоромолдоп, Каракол жана Нарын мектептери бар деп белгилейт, биринчисинин өкүлү катары С. Кара-лаевди, экинчисине С. Орозбаковду кошот [8]. М. Ауэзов айткан илимий жоромолду К. Рахматуллин, В.Жирмунс-кий ж.б. окумуштуулар да кубатташат.

Манасчылардын мектеби бардыгы, алардын саны бир топ арбын экендиги талашсыз чындык. Бирок, ошол өнөрдүн мектеби болуу фактысын кандайдыр белгилүү географиялык чек менен ажыратуу ишендирерлик далил эмес. Анткени, жогорудагы аты аталган эки чоң манасчы эки башка мектептин өкүлдөрү экени чын. Ошентсе да, манасчы катары бирөө Караколдо, экинчиси Нарын чөйрөсүндө эмес, бир эле чөйрөдө Көл айланасында, Саякбай тескейинде – Ак Өлөңдө, Сагымбай күңгөйүнөн чыккан. Алардын кесип ээси катары калыптануу чөйрөсү өтө кең, ал процести белгилүү чек, чөлкөм менен чектеп коюуга болбойт. Өткөн кылымдын экинчи жарымында Ч. Валиханов көл айланасынан, В. В. Радлов Көл жана Чүй өрөөнү-нөн жазып алган материалдарды кийинки биздин учурда-гы манасчылар, айрыкча Сагымбай менен Саякбай айткан варианттарга салыштыруу да манасчылардагы мектептик белгини географиялык чөлкөм менен белгилөө негизсиз экенин айгинелейт. Анткени, В. В. Радлов да, Ч. Валиханов да Нарын тарапта болушкан эмес, ал эми алар жазган материалдардын окуяларынын түзүлүшүндө, көркөмдүк белгилеринде кийинки манасчылардын варианты менен окшош, жакын жерлери көп.

Айрыкча В. В. Радлов жазган вариант менен С. Орозбаков айткан «Манастын» ара-сында жакындык белгилер арбын. Ошондой эле жакын-дыкты Ч. Валиханов жазган вариант менен Саякбайдын «Манасынан» да байкоого мүмкүн. Чынында ар бир ма-насчы өз өнөрүн элге тартуулоодо атайын географиялык алкак менен чектелип калган эмес. Айрыкча чоң манас-чылар бир айылдан экинчи айылга, уруудан урууга өтүп, элдин оң-солун бүт дээрлик кыдырышкан. Мисалы, колдо болгон маалыматтарга караганда, Сагымбай бир чети Ат-Башы, Нарындан тартып, Тогуз-Торого чейин, Көл айла-насын, Чүй өрөөнүн бүт кыдырып, ошондой эле Ош, Жа-лал-Абад тараптарда да узак убакыттар жүрүп эпос айт-каны жана аны эл бир чектелген чөлкөмдө эмес, бардык жерде зор урмат менен кабыл алышканы белгилүү. Демек, «Манас» айтуу да, манасчынын чыгармачылык таасири да географиялык аймак менен чектелбейт. Белгилүү болгон маалыматтарга таянганда, манасчылык кесиптеги мектеп-тик белги ошондой эле уруулук да белги эмес. Ал турмак таптык белгиге да жатпайт. Анткени, манасчылар эпосту ар бир урууга өзүнчө, же байлар арасында бир «Манас», кедейлер арасында андан такыр башка «Манасты» айткан эмес (ырас, белгилүү даражада аудиториянын негизги мас-сасына ылайыкташуунун айрым көрүнүштөрүн танууга болбойт, муну өз учурунда В. В. Радлов да байкап, анын көңүлүн улап гана айтуучу Манасты ак падышанын досу катары көрсөтүп ырдаганын атайын белгилеген. Бирок, бул жекелик мүнөздөгү көрүнүштөр, аудиторияга ылайык-ташуу, адатта, айрым деталдык белгилерди өзгөртүү, ко-шумчалар, айрым терминди кыскартуу ж.б. сыяктуу түр-дө болот да, эпостун негизги нугу өзгөртүүсүз сакталат). Ошон үчүн «Манасты» эл арасында айтууну бир чөлкөм, уруу же социалдык топ менен чектөөгө болбойт. Мындай чектөө эпостун жалпы элдик мүнөзүнө шек келтирип, аны бир уруу, же бир тар аймак менен чектеп койгондук болор эле.

Чынында манасчылык кесиптеги мектептик белги өз-гөчө зор талантка ээ болгон айтуучунун ысмы менен байла-нышкан, ошол зор талант жараткан варианттын көркөм-дүк-эстетикалык таасиринин күчүнө тиешелүү көрүнүш, б.а., чоң талант кеңири массага өзгөчө терең таасир тий-гизген вариант жараткан да, бара-бара эпосту ошол үлгүгө жакын айткан анын талапкерлери пайда болуп, манасчы-лык кесиптин өзүнчө мектеби түзүлгөн.

Манасчылык өнөрдөгү мектептердин так санын да, өзүнчө мектеп түзгөн манасчылар кимдер болгонун да, «Манас» жөнүндөгү илимдин бүгүнкү деңгээлинде кесе айтуу кыйын.

Бул же тигил манасчы айткан текст өзүнчө мектептик көрүнүш деп эсептелиш үчүн окуялардын түзүлүшү, ички мазмуну жактан

башкалардан айырмаланып туруу эле жетишсиз. Ал үчүн эң алды менен вариант көпчүлүктүн сынынан өтүп, эл тарабынан кубаттоого ээ болушу, кабыл алынышы зарыл. Экинчиден, ошол варианттын активдүү талапкерлери, манасчылардын ичинен чыккан ал багыт-тын улантуучулары болуусу шарт. Мунсуз манасчылык кесиптин мектеби жөнүндө сөз болууга да мүмкүн эмес. Эгер угуучулардын көпчүлүк массасы тарабынан кабыл алынбаса жана эпосту айтууну ошол үлгү боюнча улантып айткан адамдар болбосо бир варианттагы башкалардан айырмаланган өзгөчө белгилери салттык көрүнүшкө айла-на албай, жеке адамдын чыгармага киргизген кошумчасы катары гана бааланат. Андай салттык мүнөзгө ээ боло албаган кошумча эпостук толуктоолор, ага кошулган салым эмес, б.а., оң мааниге ээ болгонго караганда, чыгармага терс таасирин тийгизүүчү белгилердин катарына кириши мүмкүн.

Эл арасында манасчылык кесип качантан орун алып келе жатканын так айтуу кыйын. Ошондой эле биринчи манасчы жөнүндө да илимде такталган маалымат жок. Кыргыздар арасында кеңири жайылган легенда боюнча «Манасты» биринчи баштап айткан адам кырк чоронун бири, Ырчы уул. Анын чоролордун арасындагы өнөрү ыр-чылык. Бул эпосто кесипке жакын мааниде айтылат. Ант-кени, далы көрүү, төлгө салуу ж.б. сыяктуу өнөр ээлери менен катар коюлат. Ошол Ырчы уул Манас баатыр өл-гөндө анын тирүүсүндө иштеген эрдиктерин кошок кылып кошкон экен. Ошол кошок түрүндөгү айтылып жүргөн ырларды кийин легендада Толубай сынчы менен бирге ай-тылуучу Токтогул ырчы бириктирип, бир чыгарма «Ма-насты» чыгарыптыр. Легенданын турмуш чындыгында канчалык туура келерине кепил болуу кыйын. Ошентсе да маалыматтын негизи реалдуу турмуш көрүнүштөрү менен байланыштуу экендигине талаш жок. Анткени, эл ичин-деги бул же тигил көрүнүктүү адамдын көзү өткөндө анын тирүүсүндө иштеген иштери өлгөнгө арналган кошоктордо чагылышы мурдатадан кеңири маалым салттык көрүнүш. Ошондой эле кошок түрүндөгү майда ырларды кандайдыр бир таланттуу ырчы бир сюжеттик сызыкка баш ийдирип, өзүнчө чыгармага айлантышы да толук ыктымал нерсе. Бирок, мындан «Манас» сөзсүз ушул түрдө пайда болгон деген корутунду чыкпайт. Анткени легенданын маалы-маты такталган факт эмес, жалпылаштырылган, көркөм ой толгоо гана. Анын үстүнө «Манас» алгач жаралганда эле ушул азыр бизге белгилүү көлөмдөгү, сюжеттик түзү-лүштөгү чыгарма болгон деш кыйын. Адегенде алда канча чакан чыгарма улам кийинки муундагы айтуучулардын толуктоолору менен мазмуну кеңейип,

байып, сюжети та-таалдашып олтуруп, бүгүнкү күндөгү деңгээлге келген-дигинде күмөн жок. Буга эпостун өткөн кылым ичинде жазылган тексттери менен биздин учурда жазылгандарын салыштыруу да айгине күбө. Эпостун В. В. Радлов жазыпалган 1885-жылы жарыяланган тексттериндеги ар бир эпизод бүгүн бизге белгилүү манасчылар айткан вариант-тардагы ошол эле темадагы эпизоддордон көлөм жагынан алда канча кичине. Академик В. В. Радлов кыргыз жерге-сине келгенде эл арасында өзүнчө эпос катарында айтыл-ган айрым чыгармалар биз жашаган кылымдын биринчи жарымында эпосту аткарган манасчылардын вариантта-рында «Манастын» ичине анын эпизоддорунун бири катары сиңип кеткен. Алсак, «Жолой хан» аттуу чыгарма. Бул фактылар эпос улам кийинки муундун айтуучуларынын редакциясында кеңейип, толукталып, башка көптөгөн чы-гармаларды өз мазмунуна сиңирип олтурганын таасын ай-гинелейт. Ошентип, адегенде кошок, же арноо ыры түрүн-дө пайда болгон «Манас» укумдан тукумга өтүп, угуучу-лар менен айтуучулардын ар бир мууну алмашкан сайын мазмун жактан кеңейип, такталып, көркөмдүгү артып олтуруп, биздин учурубузга чейин жеткен. Бул иште аты Ырчы уулбу, Токтогулбу ушул ишти баштаган адамдардан тартып, манасчылардын ар бир муунунун, ар бир жеке ай-туучунун мааниси эбегейсиз зор.

«Манас» илиминде биринчи манасчы ким болгон деген суроону койгон жана бул маселе боюнча өзүнүн жоромо-лун айткан окумуштуу М. О. Ауэзов болгон. Ал Сагым-бай Орозбаковдун вариантында «Жалаң үйдүн порумун жарым күнү ырдаган» Жайсаң ырчы деген эскерилерин айтып, «Манастын» алгачкы ырларын болжол менен ушул акын түзгөн болушу мүмкүн деген жоромолун берет [9]. Бул пикирде айрым так эместиктер да бар.

Ауэзов биринчиден, эпостун сюжетин туура эмес түшүнүп калган. Анткени, Жайсаң, окумуштуу көрсөт-көндөй, Манастын чоросу эмес, Кайып хандын адамы,

а., калмак. Бул ысым ырчы маанисинде эпосто жал-гыз С.Орозбаковдун вариантында бир гана жерде эскери-лет, өзү согушта жеңилгенден кийин калмак ханы Кайып кызы Карабөрктү Манаска аялдыкка берет. Ошондогу Ка-йыптын кызына тигип берген үйүнүн жасалга байлыгын Жайсаң ырчы жарым күнү ырдаган экен:

Салтанатын көргөндө,
Жайсаң ырчы дегени,

Жалаң үйдүн порумун,
Жарым күнү ырдаган [10].

Келтирилген тексттен даана көрүнүп тургандай, сөз-дүн негизги маани ырчынын талантынын күчүн белги-лөөдө эмес, Кайыптын кызын узаткандагы салтанатты, анын берген себинин байлыгын атайы көңүл буруп көрсө-түү. Демек, эпосто Жайсаңдын легендарлуу ырчы экенди-ги жөнүндө эч сөз жок. Ырас, эпосто атайын ырчы катары көрсөтүлгөн жана өнөрү бааланган, анын үстүнө Манас-тын өз чөйрөсүндө жүрүп, анын бардык негизги иштерине активдүү катышкан адам бар. Ал кырк чоронун бири, бол-гондо да көрүнүктүүлөрүнүн катарындагысы болгон Ырчы уул. М.Ауэзов өз жоромолун айтууда эмне үчүндүр бул об-разга көңүл бурган эмес. Анын үстүнө өзүнүн элдин эсинде да, жомокчулардын айтуусунда да «Манастын» байыркы айтуучуларынын биринин да ысымы сакталып калбашы таң каларлык [11], – деп жазганына караганда, М. Ауэзов эл арасындагы кеңири белгилүү болгон биз жогоруда эс-керген эпостун биринчи айтуучулары – Ырчы уул, Токто-гул жөнүндөгү легенданы укпаган болсо керек. Кыскасы, баарыбыз терең урматтаган М. Ауэзовдун эпосту биринчи айткан адам Жайсаң ырчы болсо керек деген жоромолу илимий сынды көтөрө албайт, чынында ага атайын токто-луп, көңүл буруунун да кажети жок. Бирок, чыгарманын сюжетин жакшы билбеген, эпостун түрдүү варианттары менен тааныш эмес көптөгөн адамдар «Манас» илиминде-ги орчундуу маселелердин биринен болгон анын алгачкы аткаруучусу жөнүндөгү маселе боюнча фактылардын неги-зине таянбастан туруп гана чоң окумуштуунун кокусунан айтылып кеткен калпыс оюн жөнөкөй ээрчип жүрүшкөн-дүктөн, жана айрым «көзү ачык» бакшылар бул маалы-матты чайкоочулук максатта пайдаланып, кызыл кулак-тык кылып жүрүү учурлары да кезиккендиктен маселеге тактык киргизип коюу зарыл.

Ошентип, элдин өзү оозеки сактап келген маалымат-тарга караганда, «Манастын» алгачкы ыр саптарын Ырчы уул түзүп, эпостун өзүн легендарлуу ырчы Токтогул жа-раткан экен. «Манас» жөнүндөгү илимдин бүгүнкү дең-гээлинде мындан тагыраак жоромол айтуу кыйын.

«Манас» сындуу тарыхий-баатырдык эпостун жаралы-шы тууралуу дүйнөлүк фольклортаанууда кабыл алынган же орундуу, негиздүү деп эсептелген ой-жорумдар, эпостун калыптанышында салттуулуктун мааниси жана аны элге тартуулоонун (оозеки аткаруучулар жана жазгыч манасчы-лар) жолдору, манасчылык өнөрдө табыгий шык-жөндөм деп эсептелген төкмө-ырчылыктын чечүүчү ролу, андагы таалим алуу, же устат-шакирт маселеси, жогорку эки жаг-дайдын айкалышынын натыйжасында манасчылыктын ар түрдүү даража-тепкичтеринин жана мектептеринин келип чыгышы тутумунан турат. Манасчылык

менен «Манас» эпосунун залкар оозеки чыгарма катары жашоосун ажы-ратууга болбойт. Чыгаан манастаануучу Р.Кыдырбаева таасын белгилегендей: «Манасты» манасчы жаратат, дал ошондой эле «Манас» өзү манасчыны жаратат. Дал ушул кош бирдиктүү диалектикалык чыгармачыл процессте улуу эпос менен универсал айтуучунун ортосундагы тең-тайлаштык, б.а., конгениалдуулук келип чыгат» (1, 614-б.). Бири-биринин болушун шарттаган түшүнүктөр, көрүнүштөр катары бул экөөнүн коомдук-социалдык, маданий, көркөм-эстетикалык табияты жана генезиси кыйла терең болуп, узак мезгилди өз ичине камтыйт.

Манасчылардын ичинен эл эсинде тагыраак сакталган-дары өткөн кылымдан берки жашагандары. Ошолордун арасынан өзгөчө даңктуусу жана биз билген маалыматтар боюнча жаш жагынан да улуусу Келдибек Барыбоз уулу

Ага удаалаш Балык, Чоңбаш (Нармантай), Тыны-бек, Чоюке ж.б. бизге алда канча кеңири белгилүү, көбү советтик доордо жашап, өз варианттарын кагаз бетине жаздырып калтырып кеткен манасчылар келет. Биз бир канча дурус билген манасчыларды да колдогу болгон маа-лыматтардын мүнөзүнө жараша айткан варианты кагаз бе-тине түшүрүлгөндөр жана анын аткаруусундагы тексттер жазылбай калгандар деп эки топко бөлүүгө болот. Ошол айткан варианты жазылбай калгандардын арасында Кел-дибек, Акылбек, Чоңбаш (Нарматай) сыяктуу негизинен XVIII-XIX кылым ичинде жашаган эле манасчылар эмес, Тыныбек, Чоюке, Мүкөбай сыяктуу өткөн кылымды көр-гөн адамдар да бар. Ырас, Тыныбектен жазылган – деп, эсептелген «Семетейден» чакан үзүндү белгилүү. Ал өзүн-чө китеп болуп 1925-жылы Москвада басмадан чыккан. Бирок, ал да али толук тактала элек маалымат. Бардыгы-нан өкүнүчтүүсү Чоюке совет доорун көрүп, 20-жылдардын экинчи жарымында дүйнөдөн өткөн адам. Ошол чоң манас-чынын варианты да кагаз бетине түшүрүлбөй калган.

Бул «Тарыхка» варианты кагаз бетине түшүрүлбөгөн манасчылардын ичинен элге өзгөчө белгилүүлөрү гана кир-гизилип, алар айткан варианттарга байланышкан, ошондой эле ар биринин өмүр жолуна тиешелүү эл эсинде сактал-ган маалыматтар, легенда түрүндөгү кабарлар болгонунча баяндалды. Бирок, ал түрдө берүүгө мүмкүндүк жок, калк арасында аты гана сакталган чоң манасчылар да бар.

Ошолордун бири – Акылбек чоң манасчы. Колдо бол-гон маалыматтар боюнча Акылбек бугу уруусунун кытай уругунан, качан, кайда туулганы, ал эле турмак атасы-нын аты да илимге белгисиз. Айрым жоромолдорго карап болжол менен 1840-жылдардын айланасында туулган де-лип жүрөт. Өлгөн жылы так

эмес, чоң манасчы Саякбай Каралаевдин жаш кезимде 85-86 жаштарга барып калган Акылбекти, анын «Манас» айтканын көргөмүн – деген эс-керүүсүнө караганда Акылбек өткөн кылымдын 20-жыл-дарынын ичин көргөн адам. Акылбек манасчыны жаш ку-рагынан тартып көп көрүп жүрдүм, эпосту айтканын көп эле уккамын – деген сөздөрдү Ырыбай Абдыракманов да эскерет.

Сагымбай манасчы Акылбектин талантын, манасчы-лык өнөрүнүн деңгээлин ысымдары легендага айланган улуу манасчылар Назар, Нармантай (Чоң баш), Келдибек, Балык, Тыныбектен да жогору коёт.

Назар менен Нармантай,
Келдикбек, Балык, Тыныбек.
Баарысынан байкаган,
Артык билет Акылбек.

Акылбекти инсан, өнөр ээси катары Саякбай да жого-ру баалайт. Бирок, ошол Саякбайдын Акылбекке таандык катары эскерген 15-20 сап чамалуу ыр текстинен башка Акылбек манасчы айткан эпостун варианты жөнүндө эч маалымат жок.

Калк арасындагы атак-даңкы, айрым билгендердин ага берген баасы боюнча Акылбектен кем калбаган чоң манасчы Чоңбаш – Нармантай.

Тыныбек жаш чагында манасчылык өнөрдү үйрөнүү үчүн атайын Нармантайга издеп барып, үйүндө жүрүп таа-лимин алган экен. Бүт өмүрүндө Тыныбек Нармантайды катуу урматтап, андан мыкты манасчы жок деп эсептеп жүрүптүр.

Нармантайды Сагымбай да жогору баалап, бала кезин-де айылына келген Нармантайдын «Манасын» угуп, катуу таасирленгендиктен аны ээрчип кошо кетмек да болуптур.

Ушул түрдөгү үзүл-кесил кабардан башка Нармантай жөнүндө маалымат белгисиз. Жадаса анын туулган, өлгөн жылдары, ата-теги, уруу-айылы да айтылбайт. Өзү Көл айланасынан болуп, өмүрү көбүнчө ошол аймакта өткөнү гана белгилүү.

Нармантайдын айткан варианты жөнүндө кабар жок болгону менен ал адам Тыныбектин насаатчысы экендигин жана Тыныбек анын талант деңгээлин өзгөчө барктаганын, ошондой эле Сагымбай да Чоңбаш – Нармантайды укка-нын, ал айткан варианттын таасир-күчүнө шыктанганын эске ала бул чоң талант айткан үлгү мазмун, көркөмдүк белгилери боюнча Тыныбек менен Сагымбай айткан текст-терге жакын болушу мүмкүн деген жөндүү. Балким эске-рилген эки чоң манасчы кирген манасчылык мектептин негиздөөчүсү, же эч болбогондо көрүнүктүү өкүлү ушул Нармантай деген жоромолдун негизи бардыр.

Аты, атак-даңкы бизге жетип, бирок, айткан варианты, ошондой эле өмүр жолуна, чыгармачылыгынын мүнө-зүнө тиешелүү маалыматтар илимге белгисиз калган чоң манасчынын бири Чоодан.

Чоодан түштүк кыргыздар арасынан чыккан, чоң ма-насчы катары атагы түндүк кыргыздарга да кеңири та-раган инсан. Айтылган легендалык кабар-маалыматтарга караганда, Чоодан Балык манасчы-ырчы менен замандаш болуп, чыгармачылык карым-катышы бар экен, Кокон ка-нынын ордосунда жашап Кудаяр кандын манасчысы-ыр-чысы милдетин аткарыптыр. Чоодан 1835-жылы туулуп, 1900-ж. дүйнөдөн кайткан делип эсептелинет.

Айткан варианты жөнүндө дээрлик маалымат жок бол-со да, бул багытта ой айткан окумуштуулардын пикир-бо-жомолдору боюнча түштүк кыргыздар арасында «Манас» айткан өнөр ээлерине Чоодандын таасири күчтүү, балким ал адамды ушул аймакта өкүм сүргөн манасчылар мекте-бинин көрүнүктүү өкүлү, же негиздөөчүсү катары эсептөө жөндүүдүр.

Бул багытта алганда Тоң жергесинин Тогуз-Булак айылынан чыккан өз учурунун белгилүү манасчысы Айт-бай уулу Мүкөбайдын орду илимий изилдөөгө алынбай, ал гана эмес кээ бир учурларды гана эске албаганда, эске-рүүгө да алынбай калгандыгы өкүндүрөт. Белгилүү фольк-лортаануучу, академик Кусейин Карасевдин Ала-Тоо жур-налына (1989,12-саны) жазган эскерүүсүнө таянсак, Мү-көбай манасчы өтө чыгаан манасчы болуп, кезегинде XX кылымдын Гомери атыккан Саякбай манасчы Кусейин Карасаевге айткан сөзүндө ошол учурдагы (XX кылымдын 30-40-ж.ж.) мыкты манасчы Мүкөбай болгондугу айтылат. Саякбай манасчынын айтуусу менен издеп барган учур-да Кусейин Карасаев Мүкөбай манасчыны тилекке кар-шы жолуктура алган эмес, ошол кезде «Манасты» Саяк-бай Каралаевден жазып жүргөн Жунуш Рыскул уулунан уккандарын Ш.Бейшеналиев өзүнүн «Тагдыр сырлары» аттуу эскерме китебинин «Санжыргалуу Саякбай» аттуу бөлүгүндө (251-252-бб.) минтип эскерет. «Бул 1931-жыл. Карасаев көлдүн күңгөй-тескейин бүт кыдырганын эки гана манасчынын дарегин билгенин, мурдараак «Балбай-дын керээзин» жазып кеткен Талды-Сууда туруучу манас-чы Мүкөбайды издеп барса Нарынга көчүп кеткенин угуп өкүнгөнүн, анын артыкчылыгын минтип эскерет:

Кийин Каралаевдин «Манасын» жазып жүргөн кезде, Мүкөбай экөөнү катар отургузуп, «Манас» айттырганда ал киши Каралаевден жогору айтканын, ошо кезде «Манасты» Каралаевден

жыйнап жүргөн Жунуш Рыскул уулу мага бир айтканы эсимде – деп, манасчылардын арасында жүргөн К.Карасаевдин жазгандары да буга күбө.

Биздин учурларыбызда жашап, айткан тексттери кагаз бетине түшүрүлгөн манасчы, семетейчилердин көбүнө «Тарыхтан» тиешелүү орун берилди. Бирок азыр «Манастын үч бөлүмүнүн сексенден ашуун варианттары илимге белги-лүү. Ошол тексттерди айткан, өзү билгендерин кагаз бетине түшүрткөн инсандардын да саны элүүгө чамалаш. Алардын баарын манасчылык «даражага» көтөрүп, ар бирин өнөр ээси катары көпчүлүккө сунуштоо да, балким, эртедир. Азырынча коомчулукта калк арасында манасчы катары аты белгилүү, айткан тексттери мазмуну, көркөмдүк деңгээли, камтыган окуяларынын чен-өлчөмүнүн кенендиги менен оозго алууга татыктуу делген ушул «Тарыхтагы» са-налуу гана адамдардын өмүрү, чыгармачылыгы, аткарган варианты менен тааныштырып туруу жөндүү сыяктанат.

Чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү боюнча манасчылар көркөм сөз өнөр ээлеринин ичинен көп белгилери жак-тан айырмаланып турган атайын өзүнчө топту түзүшөт. Ошон үчүн алардын чыгармачылыгына мүнөздөмө берүүдө атайын ык талап кылынат. Мисалы, эпосту өнүктүрүүдө аны аткарган ар бир таланттуу айтуучунун-манасчынын белгилүү ченемдеги салымдары болгону менен, алар жаңы чыгарманын жаратуучулары эмес, бардыгы бир эле чы-гарманын үстүндө аракеттенип, мурдатан салттык белги катары келе жаткан, көптөгөн таланттардын табылгасы болгон көрүнүштөрдү кеңири пайдаланышат.

«Манастын» варианттары дегенде өзүнчө жаңы чы-гарманы эмес, бир эле чыгарманын негизинде жаралган, анын өзүнчө үлгүлөрүн түшүнөбүз. «Манастын» ар башка адамдар тарабынан аткарылган көптөгөн варианттарын бириктирип турган атайын белгилер бар. Алардын өзгөчө орчундуулары катары буларды атоого болот: 1) Вариант-тар арасындагы тема менен идеянын бирдиги; 2) Эпостун мазмунун түзгөн негизги өзөк окуялардын бирдиги; 3) Чыгарманы көркөмдөтүүнүн ыктары менен каражаттарындагы жалпыга таандык салттык көрүнүштөр. Вариант-ты талдоодо башкы көңүл, сөз болуп жаткан варианттын башкалардан эмнелери менен айырмачылыктарын ачууга, тактоого эмес, манасчы кандай салттык белгилерди канча-лык даражада терең түшүнүп, туура чечмелеп, ыгы менен туура бере алгандыгын баса көрсөтүүгө бурулуу жөн. Ушу-га ылайык ар бир манасчынын өмүр жолу менен чыгар-мачылыгы бирдикте каралып келип, ал айткан варианттын жазылуу тарыхы, башка варианттардан өзгөчөлүгү, айтуучунун эпоско кошкон жеке салымдарынын деңгээли ж.б.

жөнүндө сөз болуу менен бирге эле өнөр ээси эпос-тун мурдатадан келе жаткан салттык белгилерди канча-лык кеңири пайдалана алгандыгына көңүл буруу чечүүчү маниге ээ. Манасчынын устаттык чеберчилиги, жалпы деңгээли, өнөр ээлери ээлеген баскычтардагы орду ушул критерийге жараша чечилет.

«Манастын» бүгүн илимде белгилүү болгон бардык варианттырындагы башкы тема элдин эркиндиги, көз-каранды болбостугу үчүн сырттан келген талоончул бас-кынчыларга каршы күрөш. Ошон үчүн чыгармада Манас баш болгон көптөгөн элдик баатырлардын – тууган элине кызмат кылууну баарынан жогору койгон чыныгы пат-риоттордун образдары түзүлүп, ошол учурдагы тарыхый шарттын деңгээлине ылайыкташкан идеал түшүнүктөр-дөгү эпикалык окуялар берилген. Жалпылаштыруу ыгы менен жаралган эпостогу оң типтер менен аларга карама-каршы коюлган терс каармандар дээрлик бардык вариант-тарда негизинен бирдей. Манастын өзү менен башталган оң кейипкерлердин катарында Бакай, Каныкей, Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай ж.б. киришет. Терс кейипкерлерди Коңурбай, Жолойлор баш болгон эпика-лык душман тараптын өкүлдөрү түзүшөт. Ырас, бардык эле варианттарда чыгармадагы катышкан каармандардын саны бирдей эмес, ал турмак атайын катары иштелип чык-кан типтер ар кимдерде ар башка болушу толук ыктымал. Бирок, окуялардын өнүгүш жолунда чечүүчү маниге ээ болгон негизги оң жана терс каармандар дээрлик бардык варианттарда туруктуу мүнөзгө ээ, салт боюнча бир ка-лыпта болуп өзгөрүүсүз сакталат, ошол образдардын ички мүнөздөмөлөрү да негизинен бирдей. Алсак, колдо болгон бардык варианттарда Манас басымдуу көпчүлүк учурларда бирдей, эч болбогондо маанилеш сөздөр менен сүрөттөлөт, негизги сапаттары боюнча да бирдей боёкко ээ. Эл башы-на кыйын иш түшкөндө пайда болуп, чачылган элин баш коштуруп, көзкарандылыктан куткарып, жерин баскын-чылардан бошоткон чыныгы патриот баатыр, жанда жок балбан, кара кылды как жарган калыс, айкөл ж.б. Жеке эле Манас эмес, эпостогу оң, терс негизги каармандардын дээрлик бардыгы түрдүү варианттарда ушул мүнөздө бир-дей баага, сапатка ээ болуп сүрөттөлөт.

«Манастын» түрдүү варианттарын бириктирип, аларга бир чыгармалык белги берип турган маанилүү көрүнүштүн эң башкыларынын дагы бири – чыгармадагы негизги окуялар жана алардын өнүгүш жолу. Кээде аларды илимий эмгектерде эпостун туруктуу өзөк окуялары жана алардын салттык өнүгүш жолу – деп, да аташат. «Манас» эпосу-нун туруктуу өзөк окуялары дегенде, бардык варианттарда орун алган салттык эпизоддордун тобун

түшүнөбүз. Бардык манасчыларга таандык сюжеттик бир канваны да, эпостун идеялык багытын да ушул өзөк – уютку окуяларга карата белгилейбиз жана чыгарма чагылдырылган доордун мүнөзү да так ушул өзөк окуяларга ылайык аныкталат.

Туруктуу эпизоддордун берилиш системасында кээде айрым орун алмашуулар да болгону менен, чынында, сис-тема туруктуу, аны ар бир манасчы каалагандай өзгөртө берүүгө акысыз, тескерисинче, мурдатан кабыл алынган нукту сактоого милдеттүү, б.а., ар бир манасчы эпостун окуяларын баштан-аяк бүт аткарганда эч качан кыргыздардын чабылышын «Чоң казаттан» кийин айтпайт, же Шооруктун окуясын Алтай аймагындагы өткөн иштер ме-нен бирге бербейт, анткени, эпостогу окуялардын өнүгү-шүндө ар бир чоң-чоң эпизоддун өз-өз орду бар, алардын ирети так сакталуусу шарт. Бул факт «Манастын» неги-зинен калыптанып бүткөн, бардык окуялары бир компо-зициялык бүтүндүккө бириктирилген чыгарма экендигин айгинелейт, анын кабыл алынган структурасын бузууга жол берилбейт, чынында бузуунун өзү эпоско зыян кел-тирбей туруп иштөөгө мүмкүн болбогон өтө татаал иш.

Туруктуу өзөк окуялар ар бир вариантта негизинен орун алганы жана алардын өз-өз орду болгону менен, ар бир манасчыда алардын ички мазмундары, деталдык бел-гилери айырмаланышы мүмкүн. Ансыз вариант түзүлбөйт, кандайдыр аздыр-көптүр бөтөнчөлүктөрү болбосо вариант делип айтылбайт да. Анын үстүнө туруктуу өзөк окуялардын өзүлөрү да бардык эле вариантта бирдей деңгээлде орун ала бербейт. Бир манасчы бул же тигил эпи-зодду кенен айтса, экинчиси өтө кыскарган түрдө берет, ал эми үчүнчүсү эпостун ошол жерин такыр эле айтпашы да ыктымал. Ушул белгилерге карай манасчылардын мек-тептик өзгөчөлүгү аныкталат. Окуялардын өнүгүш жолу, жалпы нугу, ички мазмуну жактан бири-бирине алда кан-ча жакын турган айтуучулар бир мектептин өкүлдөрү катары эсептелет, тескерисинче, орчундуу айырмачылыктар-га ээлер эки башка топко киргизилет. Ошентип, бардык варианттардын негизин туруктуу өзөк окуялар түзөт да, ар бир манасчы ошол жалпыга бирдей таандык материал-дарды өзүнчө кабыл алып, ички мазмунун өз түшүнүгүнө, же өз устаты айткан варианттын үлгүсүнө жакын берет. Ушунун натыйжасында жалпы нук бир болгону менен ал нукту түзүп турган эпизоддордун ички деталдык көрүнүш-төрү негизинен ар бир манасчынын өзүнө таандык. Бул варианттуулуктун негизги белгисинин бири.

Адатта ар бир жаңы вариант негизинен даяр сюжетти өздөштүрүп алып, окуяларды өз сөзү менен айтып берүү жолу

аркылуу жаралгандыктан, манасчынын өзүнчөлүгүн белгилөөдө чыгарманын көркөмдүк касиеттери чоң маани-ге ээ. Бирок, бул багытта да жеке көрүнүштөр, жекелик салымга жатуучу белгилер менен катар эле, мурдатан келе жаткан, манасчылардын көптөгөн муундарынын табылга-лары болуп, жалпылык, туруктуу салттык мүнөзгө өткөн көрүнүш-белгилер да аз эмес. Алардын арасында сюжет куруу, образдардын системасы, окуяларды берүүнүн ыгы сыяктуу белгилер эле эмес, көптөгөн манасчылардын вариантарында сөзмө-сөз түрүндө жолуккан элестүү ыр сап-тары, сүрөттөмөлөр, баяндоолор, портреттик мүнөздөмөлөр ж.б. да бар.

Эпостогу жалпыга таандык туруктуу белгилер чыгар-маны түзүүнүн, көркөмдөтүүнүн ыктарында кеңири жо-лугат. Эпостун өзгөчө зор көлөмдүүлүгү анын курамына кирген окуяларды куруунун жана берүүнүн атайын ыгын иштеп чыгууга алып келген. Натыйжада, «Манастагы» ар бир чоң-чоң эпизод өзүнчө башталып, өзүнчө өнүгүшкө ээ болуп, өзүнчө жыйынтыгы менен бүткөн чыгарма форма-сына келтирилип түзүлгөн. Бул баштан аяк бүт айтуу узак убакытка созула турган чыгарманын ар бир белгилүү эпизодун бөлүп-бөлүп өзүнчө аткарууга ылайыкташтыруу зарылчылыгынын натыйжасы. Манасчылар аудиториянын каалоосу боюнча бул же тигил эпизодду айтууну баштап, адатта ошол башталган чоң эпизодду аткаруу канча уба-кытка созулса да, аягына чыгара айтууга аракеттениш-кен. «Манасты» башынан аягына чейин бир эле жолу үз-бөй айтып чыгуу дайым эле мүмкүн боло бербегендиктен, мындай ык эпос менен элди бөлүп-бөлүп тааныштыруунун бирден бир туура ыгы. Зор көлөмдүүлүк, чоң-чоң эпизод-ду аткарууну баштоодо киришүү иретинде андан мурдагы эпизод, андагы негизги окуялар жөнүндө кыскача кабар берүүнүн зарылчылыгын туудурган. Андай кабардын көлөмү туруктуу эмес, ар бир конкреттүү учурга жараша ар башка түрдө жана көлөмдө. Көлөмдүн кеңирээк, же бир нече сап ыр менен гана берилген кыскача болушу атка-рылып жаткан эпизоддон мурдагы эпизоддун аудиторияга канчалык даражада тааныш болгондугу менен шартташ-кан. Бул маселеде мурдагы эпизод менен кийинки эпизод-ду манасчы ушул аудиторияда аткарган убактынын өлчө-мү да маниге ээ экендиги талашсыз. Эгер эки эпизодду аткаруунун арасында узак убакыт өтсө манасчы мурдагы окуяларды кененирээк эске салууга аракеттенери табигый иш, тескерисинче, аз эле убакыт өтсө, жалпы нукту ата-йын белгилеп коюш үчүн гана бир-эки ооз сөз менен мурда-гы окуяларды эскерте кетиши, жок зарыл деп эсептелбесе такыр эле бул ыкты пайдалануудан баш тартып, окуянын туура өзүнөн эле башташы да мүмкүн. Бирок, колдо бол-

гон материалдар жана манасчылардын өз аткарууларын угуу бул ыктын туруктуу экендигин айгинелейт.

Аткарылып жаткан эпизоддон мурдагы окуяларды кыскача эске салуу ыгын манасчылар жеке эле айрым эпизоддун башында гана эмес, эпизод ичинде, окуялар арасында да колдонушат. Андай эскерүүнүн да көлөмү ар түрдүү, анын үстүнө мындай учурда аткарылып жаткан мурда келүүчү бөлүмдөгү окуялар гана эмес, эпостун ага чейинки сюжеттик линиясынын уруннтуу учурлары бүт дээрлик эскерилген учурлар да кездешет. Формасы жактан кайталоого окшошуп кеткен бул ыктын негизги мак-саты татаал өнүгүшкө ээ болгон зор көлөмдүү чыгарманын окуяларындагы нукту оозеки айтып жатканда угуучулардын адашпай туура кабыл алуусун камсыз кылуу болгон.

Бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө өтүү, чоң-чоң эпизоддор арасындагы байланыш негизинен ушул мүнөздө иш жүзүнө ашырылса, бир эле бөлүм ичиндеги бир окуядан экинчи башка окуяга өтүү жана сюжеттин өнүгүшүндөгү убакты-луу токтотулуп коюлган окуяны кайра улантуу туруктуу мүнөздөгү, манасчынын өз атынан сүйлөнүп, түздөн-түз угуучуларга арналган бир куплеттен ашпаган сандагы даяр ыр саптарынын жардамы менен иш жүзүнө ашырылат. Бул саптар бир каарман жөнүндө сүйлөп жатып, экинчи каарман жөнүндө сөз козгоодо да, бир окуяны токтото ту-руп, экинчи окуяга өтүүдө да негизинен өзгөрбөстөн кол-донула берет, түрдүү каарманга карата түрдүү аттардын алмашылышы, ошого жараша ыр саптарынын санынын гана өзгөрүшү мүмкүн. Бирок, ыктын негизги максаты, мазмуну дайым бир калыпта сакталат. Бул көркөм ыктын мазмунун түзгөн ыр саптары адат катары «муну мындай таштайлы» деген даяр сап менен башталып, сөз болуучу жаңы окуянын аты, же мүнөздүү белгиси аталуу менен «ошондон кабар баштайлы» деген түрдө берилет.

Бул көркөм ыктагы ыр саптарынын эпостун сюжетин-деги окуялар менен тике байланышпай, негизги тексттен тышкары турушу жана манасчынын өз атынан айтылып, угуучуларга түздөн-түз кайрылуу формасында берилиши – ыктын түпкү чыгыш теги чыгарманын айрым-айрым майда эпизоддордон, ар бири өзүнчө турган бөлүктөрдөн курап, майда бөлүктөрдөн, айрым ырлардан бүтүн бир чыгарма түзүү ишинде кеңири пайдаланылган эпостогу көркөм ык-тардын эң жөнөкөй формаларынан экендигин айгинелейт.

Эпостун сюжетин баяндоо процессинде жалпы белги-лүү көркөм ыктардын ичинен автордук баяндап берүү ме-нен каармандардын монологдору айрыкча кеңири пайдаланылат.

Булардан башка сүрөттөп берүүнүн да ролу чоң. Монологдор аркылуу каармандардын өз ара мамилелери, бул же тигил окуяга, көрүнүшкө болгон баасы, ички дүй-нөсү, жеке толгонуулары ж.б. баяндалат, аракеттери, иштери түшүндүрүлөт. Автордук баяндап берүү ыгы негизи-нен каармандардын күрөш-кармаштарын, согуштук жана жай турмуш картиналарын берүүдө кеңири колдонулат. Жаратылыш кубулуштары, жер-суу көрүнүштөрү, адам келбеттери, портреттери, адатта, сүрөттөп берүү ыгы ме-нен иш жүзүнө ашырылат. Бирок, бул негизги ыктардын арасына катуу чек коюп, мындай учур сөзсүз ушул ык менен гана иш жүзүнө ашырылат, башка ыктар бул жер-де колдонууга мүмкүн эмес – деп, кесе айтууга болбойт. Анткени, сөз болуп жаткан ыктар аралаш келиши, ал гана эмес бирдей эле учур ар башка жерлерде башка-башка ык-тардын жардамы менен баяндалып берилиши да мүмкүн. Аталган негизги үч ыктын ичинен өзүнүн активдүүлүгү, көп кырдуулугу менен, айрыкча, монолог түрүндөгү каармандардын сөздөрү айырмаланып турушат. Көпчүлүк учурларда бул ык башка ыктардын ордуна колдонула бе-риши, алардын адаттагы милдети ушул ык аркылуу иш жүзүнө ашырылышы эпосто кеңири жолуккан көрүнүш.

«Манас» эпосундагы салттык мүнөзгө ээ болуп, анын бардык варианттарында дээрлик кезиккен чыгарманы көркөмдөтүүнүн ыктары ушулар эле эмес. Жогоруда айрым ор-чундуу, көзгө даана көрүнүп турган урунттуу белгилер гана үстүртөн жалпы саналды. Ушундай эле көркөмдөтүүнүн каражаттарында да жалпылык мүнөзүндөгү көрүнүштөр көп. Алардын катарына каармандарды сүрөттөп берүүгө даяр болушу, туруктуу портреттик сүрөттөөлөрдөн тартып, туруктуу эпитеттерге, баатырлардын жоого кириши, жалпы согуш, жекеге чыгуу учурларын баяндаган даяр сүрөттөө-лөрдөн тартып, салыштыруунун түрлөрүнө чейин көптөгөн учурларды киргизүүгө болот. Кээде бир нече варианттарда бирдей түрдө кезиккен узун сабак ыр саптары кезиге берүүсү манасчылык кесиптеги адаттагы көрүнүш.

«Манас» жана манасчылыкка болгон мамиле мындан тышкары элдин Сөз өнөрүнө, анын бийик үлгүсү болгон поэтикалык сөзгө болгон жогорку талабын, дегеле элдик сөз өнөрү эстетикасынын өскүлөң экендигин айгинелеп турат. Эпикалык поэзиянын жана аны жаратуучу-аткаруучулар-дын келип чыгышын жана алардын өсүп-өнүгүүсүнө түрткү болгон турмуштук-социалдык себептерди В.Радлов өзүнүн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгү-лөрү» (1885) аттуу көп томдугунун V китебине жазган баш сөзүндө таасын көрсөтөт [4]. Эпикалык поэзиянын дүркү-рөп өнүгүшүн көчмөн турмуштун өзү, тынымсыз согуштар

шарттагандыгын, анда тарыхый окуялар менен уламыштар биригип кеткендигин, элдин аң-сезими өткөндөгү даңаза-луу окуяларды эскерүүдөн улам бүткүл элдик чыгармачы-лыктын жыйындысын өзүнө тартып турган эпикалык бор-борду уюштурарын, эпиканы өз мезгилинин чыныгы элдик акыны болгон адам гана жарата аларын белгилей келип, В.Радлов эпостун бүтүндүгү элдин аң-сезиминде жашоосу өзгөчө маанилүү экендигине, ал элдин бүткүл жашоо тир-лигинин, кайрат-рухунун, үмүт-тилектеринин поэтикалык чагылышы экендигине айрыкча басым жасайт [4].

Чыгарманын оозеки аткарылышы, анын көп жагдай-ларга байланыштуу өзгөчөлүктөрү фольклордо башка эч нерсе алмаштыра албас жанрдык белги экендиги аны ат-каруучуларды мүнөздөөдө сөзсүз эске алынышы кажет. Ушул көзкараштан алганда манасчыларды адегенде эле оозеки жана жазгыч манасчылар деп бөлүштүрүү туура болот (Албетте, мындай бөлүштүрүү манасчылыктын илгер-ки абалына, этаптарына тиешелүү эмес). Бул эпосту элге жеткирүүнүн формасына көбүрөөк байланышкан бөлүш-түрүү болсо да, манасчылыктын түйүндүү учурларын көз жаздымында калтырууга негиз болуп бербейт да, коомдук-тарыхый шарттарга байланыштуу «Манастын» XIX–XX кылымдарда гана кагазга түшүрүлө баштоосу мунун маа-нисин жокко чыгарбайт. Бул жерде, албетте, оозеки атка-рылып жатканда Ч.Валиханов, В.Радлов, кийин К.Мифта-ков, Ы.Абдрахманов ж.б. бир топ илимпоздор, жыйноочу-лар тарабынан жазылып алынган оозеки манасчылар жана чыгарманы аткарса да, кайсы бир себептерден улам аны өз колу менен жазып берген Тоголок Молдо, Ы.Абдрахманов, Ж.Мамай, К.Атабеков, У.Мамбеталиев, Д.Сыдыков сыяк-туу жазгыч манасчылар тууралуу сөз болору түшүнүктүү.

«Манасты» ыр түрүндө оозеки айткан манасчы менен аны жазган манасчынын ортосунда бир катар принци-пиалдуу айырмачылыктар ириде «Манас» эзелтеден оозе-ки формада айтылып келгени жана так ошол формасында кайталангыс монументалдуу чыгармага айланып, оозеки аткаруучулуктун мыйзамченемдерине баш ийгендиги менен түшүндүрүлөт. Салттуу түрдө «Манас» эл алдында ат-карылып, манасчы менен ошол элдин (угуучунун) тикелей жандуу байланышы камсыз этилет да, ушунун өзү аны ат-каруунун өзгөчөлүктөрүнө, манасчы менен угуучунун эмо-ционалдык, көркөм-эстетикалык маанайына таасир берет. Манасчы элдин (угарман-көрөрмандардын) кандай адам-дардан турарын, алар эмнени каалап, эмнени жактыр-боосу мүмкүн экендигин, жалпы суроо-талабын дайыма көңүлүндө кармап, анын колдоп-жактыруусуна ээ болгусу келет, антпесе анын «Манас»

айткан эмгеги курталаага кеткендей маанай келип чыгышы ыктымал. Кезегинде В.Радлов кыргыздардын эпик-ырчылары өз угармандарын канчалык мыкты биле тургандыгына таң калгандыгын, экөөнүн ортосундагы байланыш-мамиленин бекемдигин атайын белгилеп кеткени да бекеринен эмес [4, 36-37].

Көрүүчү-угарман аткарылып жаткан чыгарманын жана аны аткаруучу-манасчынын сынчысы катары чык-са, манасчы өзү аткарып жаткан чыгарма элге жаккан-жакпагандыгын, таасири канчалык болгондугун элдин маанайына карап баамдап-билет жана ошого ыңгайлашат. Чыгармага берилген баа манасчынын өзүнө да берилген баа экендигин, демек анын аткаруучулук чеберчилиги да элдин сынагынан өтүп жаткандыгын манасчы эң сонун түшүнөт жана андан ийгиликтүү өтүү үчүн болгон аракетин жасайт. Мына ушул жагдайдын өзү аны чеберчиликтин андан аркы бийиктиктерине сүйрөп, чыгарманын мазмун-дук-идеялык, көркөм-эстетикалык дараметин жакшыртуу, өзүнүн аткаруучулук өнөрүн өркүндөтүү түйшүгүнө салат, ушул талап кезегинде «Манастын» да, аны аткар-ган манасчынын да өнүгүп-өрчүшүнө түпкү себепкер бо-луп калат. Элдик оозеки чыгармачылыктын дээрлик бар-дык жанрларына тиешелүү бул өзгөчөлүк «Манас» менен манасчылык өнөрдүн жаралышы жана өнүгүшү эриш-ар-как, удаалаш жүргөн, бири-биринен ажырабаган процесс жана түшүнүк экендигин айгинелейт.

Ал эми жазгыч манасчыда аны өз учурунда баала-ган жана ага түрткү берген мындай жандуу көрүнүштөр жок. Чыгармачылык түйшүктү жазгыч манасчы жалгыз баштан кечирет. Эгерде айтуучу-манасчы кийинки аткаруусунда мурдагы кемчиликтерди кетирбөөнүн чараларын көрүүгө мүмкүнчүлүк алса, жазгыч манасчыда андай шарт болбойт б.а., айтуучу-манасчы элдин баа-ченемине жараша өз катасын, аткарган чыгармасын уламдан улам оңдоп-түзөп, өз өнөрүн жана чыгарманы шөкөттөй берсе, жазгыч манасчы өзү менен өзү гана болот, анын жанында сынчысы болбойт, ал өз туюмуна жана мурункулардын та-жырыйба-салтына гана таянышы ыктымал.

В.Радлов оозеки аткарылган чыгарма эч убакта так өзүн-дөй кайталанбасын, бир эле окуя, эпизод таланттуу ырчы тарабынан кайра ошол абалында айтылбасын белгилей келип, бул жагдайды Гомер, Леннрот тарабынан жазылып калган грек, фин эпосторуна салыштырат да, алар түбү элдик эпос-тор болгону менен бир адамдын жаратмалары деп эсептейт (4, 38-39-б.). Ошол эле жерде В.Радлов аларды түзүүчүлөр деп кеткени да бар. Бул да бекеринен эмес. Демек, оозеки аткарылган эпос деле аны аткарган ырчынын рухий-интел-лектуалдык чымырканган түйшүгүнүн натыйжасы

болгону менен аны өз колу менен жазып берген ырчынын вариантынан кайсы бир денгелде айырмаланбай койбойт, анда жеке чыгармачылыктын белгилери арбын деген көзкараш-тын башаты В.Радловдун ушул пикиринде жатат. Оозеки ырдап айтуучу чыгарманы шыдыр аткарып жатканда, аны кийинки аткарууга чейин оңдоп-түзөөгө кымындай да мүм-күнчүлүгү болбой, анын айтканы башка адамдар тарабынан (же техниканын жардамы менен) ошол абалында жазылып, сакталып, жарык көрөт. Бул учурда айтуучу канчалык ге-ниалдуу болбосун айрым так эместиктерге, чаташууларга жол бериши мүмкүн болот да, ал кийин изилдөөчүлөрдүн талашып-тартышуусуна жол ачат. Ал эми жазгыч ырчыда өзүнүн жазгандарын кайра окуп, кемчиликтерди четтетүү, оңдоо мүмкүнчүлүгү сакталат. Бул экөөнүн ортосундагы айырмачылыктын дагы бир өңүтү мына ушуга байланыш-туу. Оңдоп-түзөөлөрдүн канчалык денгелде экендигин ошол жазгыч эпик ырчылардын сакталып калган колжазмаларын иликтөө кызык маалыматтарды берер эле. Бирок мындай иш бизде таптакыр аткарыла элек.

Ошентип, кыргыздын манасчылары көркөм сөз чебер-леринин ичиндеги өзгөчө топ, алардын чыгармачылыгы изилдөөнүн атайын ыгын, чыгармалары атайын мамилени талап кылат. «Манас» эпосу кыргыз искусствосунун туу чокусу болсо, бул чыгарманы ошол бийиктикке жеткирген манасчылар. Ал иште алардын ар биринин эмгеги, өзүнчө үлүшү бар.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

Караңыз: Валиханов Ч. Избранные произведения. Алма-Ата, 1958. 258-бет.

«Манас» – героический эпос киргизского народа. Фрун-зе, 1968. 40-бет.

Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен, V. Спб., 1885, Предисловие.

Караңыз: «Манас» – героический эпос киргизского на-рода. Фрунзе, 1968. 75-147-беттер.

Ауэзов М. Киргизская народная поэма «Манас». – Кит.: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961. 15–84-беттер.

Жирмунский В. М. Введение в изучение эпоса «Манас». – Караңыз: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961. 85- 196-беттер.

Орозбаков С. Манас. МКМУБнун кол жазмалар фондусу. Инв. № 537. 380-бет.

Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Ма-нас». – Караңыз: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961. 21-бет.

Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Ма-нас». – Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961. 16-бет.

Орозбаков С. Манас. ТСАИнин фондусу, инв. № 537, 554-бет.

Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма. «Манас». – Караңыз: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961, 16-бет.

Келдибек жөнүндө кененирээк маалыматтарды караңыз: Рахматуллин К. Творчество «Манасчи». – «Манас» героичес-кий эпос киргизского народа. Фрунзе, 1968, 79-80-беттер.